№ 1988-ФХД/22 01.06.2022

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**БУЙРУК**

ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде (2022-жылдын 27-майындагы №8 протокол) «Университетте кошумча кесиптик билим берүү программаларынын окуу, илимий-методикалык иштеринин натыйжалары жана өнүгүү перспективалары» деп аталган № 2 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам**:

1.Университетте кошумча кесиптик билим берүү программаларынын окуу, илимий-методикалык иштеринин натыйжалары жана өнүгүү перспективалары жөнүндөгү маселе боюнча ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу институтунун директору, доцент А.У. Аккуловдун билдирүүсү эске алынсын.

2. Квалификацияны жогорулатуу институтунда кошумча кесиптик билим берүү боюнча окуу курстарынын натыйжалуулугун арттыруу максаттарында илимий-методикалык жактан бышыкталган инновациялык, гибриддик жана комбинирленген окуу программаларын түзүүнүн деңгээлин жогорулатууга, бул аркылуу ОшМУнун рейтингин жогорулатууга багытталган ишмердикти өнүктүрүүгө басым жасалсын.

3. ОшМУ менен кызыкдар тараптар ортосунда ар кайсы тармактардагы адистердин квалификациясын, кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн уюштурулган окуу курстарды өткөрүү боюнча келишимдерди түзүүнү көбөйтүү жана угуучулардын географиясын кеңейтүү колго алынсын.

4. Өлкөбүздөгү алдыңкы, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөгү өнөктөш окуу жайларга, өндүрүш жайларына стажировкаларды уюштуруп, алар аркылуу кызматкерлерибиздин жана адистерибиздин квалификациясын, кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча мүмкүнчүлүктөрүбүздү мамлекеттик бийликтин тийиштүү өкүлчүлүктөрү ж.б. кызыкдар тараптар менен биргеликте максималдуу түрдө пайдаланылсын.

5. Пландоо-финансылык бөлүмү тарабынан Квалификацияны жогорулатуу институтундагы окуу курстары үчүн төлөмдөр боюнча тарифтердин прейскурантынын калькуляциясын кийинки, 2022-2023-окуу жылына карата кайрадан иштелип чыксын.

6. Квалификацияны жогорулатуу институтунун ишмердигинде мындан ары тийиштүү структураларга (кафедраларга, колледждерге, факультеттерге ж.б.), алардын окуу-методикалык кеңештерине кошумча билим берүүдө сапаттуу ишмердикти камсыздоого олуттуу жана жоопкерчиликтүү мамиле кылууга милдеттер коюлсун жана талаптар күчөтүлсүн.

7. Квалификацияны жогорулатуу институту менен биргеликте 2023-жылга чейин университеттин ар бир факультетинде, колледждеринде ж.б. структураларында эмгектенген кызматкерлердин, ошондой эле, алар менен байланышы бар өндүрүштүк тармактарда иштеген адистердин квалификациясын, кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, кошумча билим

Документ подписан электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/2 от 18.05.2021

берүү үчүн окуу программалары жана окуу курстарды уюштуруп өткөрүүнүн 5 жылга карата концептуалдуу иш пландары иштелип чыксын.

8. Квалификацияны, кесиптик чеберчиликти жогорулатуу боюнча кошумча билим берүү үчүн окуу программалары менен иштеген жана түрдүү багыттардагы окуу курстарды уюштуруп өткөрүүгө катышкан лекторлор жана тренерлер үчүн бул ишмердиктин сапатын жогорулатуу максатында өзара өнөктөштүктүн алкагында ата-мекендик жана чет элдик көрүнүктүү окумуштууларды жана ишмерлерди тартуу менен жайкы мектептерди уюштуруп өткөрүү колго алынсын.

9. КРнын Өкмөтүнүн Ош областындагы ыйгарым укуктуу өкүчүлүгү жана Ош мамлекеттик университети ортосундагы өлкөнүн экономикалык жана саясый өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын илимде, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоодо өз ара кызматташуу тууралуу 2021-жылдын 25-февралында бекитилген Меморандумду жетекчиликке алып иштөө университеттин ар бир структуралык бөлүмүнө жеткирилиши Квалификацияны жогорулатуу институту (А.У. Аккулов) тарабынан көзөмөлгө алынсын.

10. Бул токтомдун аткарылышы тиешелүү проректорлорго, структура жетекчиликтерине милдеттендирилсин жана жалпы көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректору, доцент З.С. Божоновго жүктөлсүн.

***Негиз:*** *Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун визасы.*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К.Г. Кожобеков**

документ
ПОДПИСАН
электронной подписью
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021